




# Тема:

# МЕКЕНИБИЗ КЫРГЫЗСТАН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖОЛУНДА

elenaranko.ucoz.ru




# Сабактын максаты:

1. «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндөгү Декларацияны» баалап, эгемендүү Кыргызстан тарыхынын урунттуу учурларын мүнөздөйсүңөр.

2. Эгемендүүлүккө жетишкенден кийинки Кыргызстандагы коомдук – саясий, экономикалык жана маданий өзгөрүүлөрдү аныктайсынар.

**Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнү** *(Официалдуу — Кыргыз Республикасынын Көз карандысыздыгынын күнү)* — Кыргызстандын улуттук майрамы.

| Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнү | |
|---|---|
| Официалдуу | Кыргыз Республикасынын Көз карандысыздыгынын күнү |
| Датасы | 31-август |
| Кабыл алынган жылы | 1991 |
| Майрамдоо | аскер парады, концерттер, майрамдык салют, майрамдык иш-чаралар |
| Мааниси | 1991-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңеши тарабынан Көз карандысыздык декларациясын кабыл алуу күнү |
| Өткөрүү жыштыгы | жыл сайын |







**Эгемендүүлүк күнү** жыл сайын 31 август күнү Кыргыз элинде майрамдалат. 1991-жылы Кыргыз Республикасынын жогорку кеңешинин кезексиз жыйналышында Кыргызстан **«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө декларациясын»** токтомун кабыл алган.





Ушул тарыхый актыга байланыштуу Кыргыз Республикасы **көз каранды эмес, суверендүү, демократиялык өлкө** болуп жарыяланган.

# Тарыхы

**1991-жылдын** 27-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши **31-августта** кезексиз сессия чакырылышынын токтомун кабыл алат.



Токтом, 29-августта «Кыргыз Туусу» гезитине жарыяланат.



31-августта**, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө декларациясына»** ылайык жана Кыргыз Республикасынын Конституциясын жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кезексиз сессиясы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздык декларациясы жөнүндө» токтом кабыл алат.

Мекеним менин
КЫРГЫЗСТАН!

Көз карандысыздык дүйнөлүк коомчулукка кеңири жана эркин жол ачты. Азыр дээрлик бардык чет өлкөлөр жана эл аралык уюмдар Кыргызстанды көз карандысыз суверендүү мамлекет катары таанышты.

**(Турдакун Усубалиев)**

Эгемендүүлүк айтууга жеңил, оору улуу, касиеттүү окуя. Миңдеген жылдар ата-бабаларыбыз мурун эңсеп, күрөшүп келишкен. Ушундай заманга туш келип калганга биз өзүбүздү бактылуу сезишибиз керек.




**(Абдулхай Алдашев)**




**Эгемендүүлүктүн 30 жылдыгына карата тандалган логотип**

# Кыргызстандын Улуттук банкы өлкө эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына карата алтын жана күмүш монеталарын жүгүртүүгө чыгарат.




**Алтын монетанын номиналы «100 сом», салмагы — 7,78 грамм.**




**Күмүш монетанын номиналы «10 сом», салмагы — 28,28 грамм**

Коллекциялык монеталар Кыргызстан аймагында расмий төлөм каражаты статусуна ээ.

Мекеним менин КЫРГЫЗСТАН!

**Кыргызстан** – Орто Азиянын түндүк-батыш жагында жайгашкан.




Батыш тарабынан Өзбекстан, түндүгүнөн Казакстан, түштүгүнөн Тажикстан жана Кытай менен чектешет.

Жалпы аянты- 198 500 чарчы км.

Темир жолунун узундугу 370 км, авто жолунун узундугу - 30 300 км

Чек арасынын жалпы узундугу-3878 км.

# Биздин Кыргызстан


















**Кыргызстан**
эл аралык
төмөнкү
уюмдардын
мүчөсү



- БУУ
- КМШ
- ЕЭК
- ЮНЕСКО
- жана башкалар

Ири соода өнөктөштөрү

КМШ өлкөлөрү, Кытай жана Түркия







# Мамлекеттүүлүктү бекемдөө үчүн:



Адал эмгек

Биримдик, ынтымак

Укуктук маданият




Толеранттуулук

Патриоттуулук

Мамлекеттик тил

- **Патриотизм** (грек сөзүнөн алынган) Мекен, Ата журт дегенди билдирет.



- **Патриоттуулук** - бул Ата журтту жакшы көргөндүк, ага берилгендик, өз иш аракети менен анын мүдөөсү үчүн кызмат кылууга умтулгандык.

# Бабалардын сөздөрүнөн...



**Ормон  хандын айткандарынан:**

«Кыргызымдын башын бириктирип, күчтүү мамлекет түзүүгө жетишпесем да, кыргызымдын чегин кеңейттим. Жерибизге сугун арткан душмандарды  талкалап, мизин кайтардым.Ата-бабадан калган укум жер  үчүн  каражанды  аябай,көздүн карегиндей сактадым. Кийинки урпактар  бул эмгегимди унутпас...»



«Өз  элиңди, өз тилиңди,өз ата салтыңды үйрөн, бил жана аны көздүн карегинде аяр сакта! Ал сенин өмүрүң, көрөөр   күнүң, ичээр  сууң!»

**Касым Тыныстанов**

**Биздин жерибиз табияты гана кооз эмес, маданияты да, тарыхы да бай экени менен сыймыктанышыбыз керек.**

**Улутту улут кылып сактап турган нерсе анын тили, тарыхы жана маданияты экени көкүрөктө жашаганда гана биз түбөлүктүүбүз.**

